Inter-Parliamentary Union

For democracy. For everyone.

UNHCR

Агентство ООН по делам беженцев



# Жарандык жөнүндө мыйзамдарда жарандыгы жоктукту алдын алуунун жана азайтуунун жакшы практикасы

**Парламентарийлер үчүн колдонмо, №29**

## Ыраазычылык

Бул колдонмо Парламенттер аралык союз (ПАС) жана Бириккен Улуттар Уюмунун Качкындар иштери боюнча Жогорку Комиссарынын башкармалыгы (БУУнун КЖКБ) менен биргеликте даярдалды

**Авторлору:** Негизинен, бул колдонмо БУУнун КЖКБ тарабынан даярдалды; Мариана Олайзола Розенблат (Mariana Olaizola Rosenblat) жүргүзгөн изилдөө ушул долбоорду ишке ашырууга көмөктөштү. Мелани Ханна (Melanie Khanna), Эл аралык коргоо бөлүмүнүн жарандыгы жоктук маселелери боюнча секциянын начальниги долбоорду иштеп чыгууда жетекчилик кылып, ушул колдонмонун жазылышына жана редакциялоого жардам берди. Жарандыгы жоктук маселелери боюнча сексиянын башка адистери, анын ичинде Лена Хаап (Lena Haap), Радха Говил (Radha Govil), Анна де ла Варго Фито (Anna de la Vargo Fito) жана Фернандо Биссако (Fernando Bissacot), ошондой эле жарандыгы жоктук маселелери боюнча БУУнун КЖКБ аймактык кызматкерлери изилдөө жүргүзүүгө жана саресеп даярдоого жардам беришти. Радха Говил, Мелани Ханна жана Эл аралык коргоо бөлүмүнүн директорунун орун басары Шахрзад Таджбакш (Shahrzad Tadjbakhsh) редактор-рецензент болуп беришти.

Мындан тышкары, авторлор эл аралык гуманитардык укуктун сакталышына көмөк көрсөтүү боюнча ПАС Комитетине колдоо көрсөткөндүгү үчүн ыраазычылык билдирет.

Бул колдонмонун каалаган бөлүгү кандайдыр-бир өзгөртүүлөрдү киргизбестен, автордук укуктарды жана булагын көрсөтүү менен жеке жана коммерциялык эмес максаттарда колдонулушу мүмкүн. Колдонмонун мазмунун колдонууда Парламенттер аралык союзду кабарлап коюуну суранабыз.

Бул колдонмону даярдоодо жарандык жөнүндө колдонуудагы мыйзамдар колдонулду. Жарандык жөнүндө мыйзамдарга мезгил-мезгили менен өзгөртүүлөр киргизилип тургандыктан, айрым шилтемелер мезгил өткөн сайын өзүнүн актуалдуулугун жоготушу мүмкүн. Авторлор жеткиликтүү болгон ачык расмий котормого негизделишти. Расмий ачык котормо жок болгон учурларда, котормо өз алдынча жүргүзүлдү; каталар бар болсо, алар атайылап жасалган жок, ал каталар тууралуу ПАС же БУУнун КЖКБ кабарлоо керек.

© Парламенттер аралык союз, 2018-жыл

**Мукаба сүрөт:** © БУУнун КЖКБ/Мидхат Потурович (Midhat Poturovic)

**Босния жана Герцеговина.** Дейтон тынчтык келишимине карата VII Тиркемени ишке ашыруунун кайра каралып чыккан стратегиясынын узак мөөнөттүү чечимдерди колдоо.

Ром улутундагы аял жана анын жарандыгы жоктук тобокелдигине дуушар болгон жашы жете элек баласы туулгандыгы жана жарандыгы жөнүндө күбөлүктөрүн көрсөтүүдө, аны алар БУУнун КЖКБ өнөктөшу «Vasa Prava BiH» уюмунун жардамы менен алышкан, бул уюм Сараеводо акысыз укуктук жардам көрсөтөт. Акысыз укуктук жардамды көрсөтүү боюнча БУУнун КЖКБ өнөгү болуп саналган өкмөттүк эмес уюм туулгандыгы/ жарандыгы реестрлеринде каттоо жана юридикалык маселелерди чечүүдө **Босния менен Герцеговинад**а жарандыгы жоктук тобокелдигине дуушар болуп жаткан ром жамаатынын- азчылыктын өкүлдөрүнө жардам берет. ЕС жана БУУнун КЖКБ менен биргеликте каржыланган, ПАС 2012-жылдагы долбоору **Босния жана Герцеговинага** кайтып келген жана жер которгон адамдардан турган азчылыктардын социалдык-экономикалык интеграциясын колдоого багытталган.

**Дизайн жана верстка:** Bakos Design

Бул Кыргызстандагы БУУнун КЖКБ расмий эмес котормосу. Парламенттер аралык союз котормодогу каталар же туура эмес чечмелөөлөр үчүн эч кандай жоокерчилик тартпайт

**ISBN:** 978-92-9142-841-0

# Мазмуну


Баш сөз ........ 5

Киришүү ........ 7

**Балдардын жарандыгы жоктугуна карата кепилдиктер ........ 9**

Киришүү ........ 9

1961-жылдагы Жарандыгы жоктукту азайтуу жөнүндө конвенциянын жоболору ........ 9

Адам укугу жөнүндө келишимдердеги кошумча жоболор ........ 10

Мыйзамдардын жана жакшы практиканын үлгүлөрү ........ 11

1. Мамлекеттин аймагында төрөлгөн, жарандыгы жок адам болуп калышы мүмкүн болгон балдарга жарандык берүү ........ 11

2. Мамлекеттин жарандарынын чет өлкөдө төрөлгөн, жарандыгы жок адам болуп калышы мүмкүн болгон балдарына жарандык берүү ........ 13

3. Табылган балдарга жарандыкты берүү ........ 13

**Таанышуу үчүн негизги булактар ........ 14**

**Жарандык жөнүндө мыйзамдардагы гендердик теңчилик ........ 15**

Киришүү ........ 15

Мыйзамдардын жана жакшы практиканын мисалдары ........ 16

1. Жарандыкты ата-энелердин бериши ........ 16

2. Жарандыкты жубайлардын бериши ........ 18

**Таанышуу үчүн негизги булактар ........ 20**

**Жарандыгы жок адамдын статусун аныктоо жол-жоболору жана жөнөкөйлөтүлгөн байыр алуу ........ 21**

Киришүү ........ 21

Жарандыгы жок адамдын статусун аныктоо жол-жоболорун киргизүү ........ 21

Жөнөкөйлөтүлгөн байыр алуу ........ 22

Мыйзамдардын жана жакшы практиканын мисалдары ........ 23

1. Жарандыгы жок адамдардын жашап туруусуна уруксат алуу үчүн талаптардын санын азайтуучу мыйзамдар ........ 23

2. Тилди билээрин жана жашоого каражат булактары бар экенин ырастоочу талаптарды жойгон мыйзамдар ........ 24

3. Жарандыгы жок адамдардын башка документтерди берүүсү жөнүндө талаптарды азайткан мыйзамдар ........ 24

4. Жарандыгы жок адамдардын өтүнүч арыз бериши үчүн акыны жойгон же өлчөмүн азайткан мыйзамдар ........ 25

5. Жарандыгы жок адамдардын балдарына жана башка туугандарына жөнөкөйлөтүлгөн байыр алуу ........ 25

**Таанышуу үчүн негизги булактар ........ 25**

**Жарандыктын жоготулушу ........ 26**
Киришүү........ 26
Мыйзамдардын жана жакшы практиканын мисалдары ........ 27
**Таанышуу үчүн негизги булактар ........ 28**

**Жарандыктан ажыратуу ........ 29**
Киришүү........ 29
Кошумча эл аралык стандарттар........ 30
Жарандыктан эркине каршы ажыратууга тыюу салуу ........ 30
Жарандыктан ажыроонун жубайына жана балдарына карата колдонулушу ........ 31
Мыйзамдардын жана мыкты практиканын мисалдары ........ 31
**Таанышуу үчүн негизги булактар ........ 33**

**Жарандыгы жоктукту алдын алууга жана азайтууга багытталган типтүү укуктук жоболор ........ 34**
1. Балдардын жарандыгы жоктугуна карата кепилдиктер ........ 34
2. Жарандык жөнүндө мыйзамдарда гендердик теңдик........ 34
3. Жарандыгы жок адамдын статусун аныктоо жол-жобосу (ЖЖАСАЖ) ........ 35
4. Жөнөкөйлөтүлгөн байыр алуу........ 35
5. Жарандыкты жоготуу жана жарандыктан баш тартуу ........ 36
6. Жарандыгынан ажыратуу........ 36

**... жөнүндө кыскача........ 37**

# Баш сөз


2005-жылы *«Жарандык жана жарандыгы жоктук»* колдонмонун биринчи редакциясы басылып чыккан учурдан тартып, БУУнун Качкындар иштери боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгы (БУУнун КЖКБ) жана Парламенттер аралык союз (ПАС) жарандыгы жоктуктун жаңы учурларынын пайда болушун алдын алууга жана жарандыгы жоктуктун созулуп кеткен учурларын чечүүгө багытталган аракеттерди колдоодо өзүнүн өнөктөштүгүн бекемдешти. Бул колдонмодо (экинчи редакциясы 2014-жылы басылып чыккан) жарандык укугуна жана жарандыгы жокторду азайтууга тиешелүү эл аралык ченемдик-укуктук базага негизги көңүл бурулган. Мындан тышкары, колдонмодо ушул ченемдик укуктук базага жооп берген мыйзамдарды кабыл алууда, ошондой эле алардын мамлекеттеринин Бириккен Улуттар Уюмунун жарандыгы жоктук жөнүндө эки конвенциясына кошулуусуна көмөк көрсөтүүдө парламентарийлердин ролу басып белгиленүүдө. Жаңы колдонмодо авторлор тарабынан айрыкча көп иштер аткарылды жана жарандыгы жоктукту жоюу боюнча мамлекеттердин мыйзамдарынын типтүү жоболорунун үлгүлөрү келтирилди.

Жарандыгы жоктуктан жабыр тарткандарга тийгизген таасирин баалоого болбойт. Эреже катары, жарандыгы жоктук башка көпчүлүк адамдар кадимкидей эле кабыл алган негизги укуктарды пайдаланууга тоскоолдук кылат. Бул укуктарга мектепке баруу, дарыгерлерге кайрылуу, ишке орношуу, банк эсебин ачуу, шайлоого катышуу, никеге туруу, жарандыкты балдарга өткөрүп берүү кирет. Бул айласыздыкка алып келип, жарандыгы жоктуктан жабыр тарткандарды эксплуатациянын жана кыянаттыктын экстремалдык формаларына алсыз кылып коюшу мүмкүн. Кошумчалай кетсек, коомчулуктар ичиндеги белгилүү бир топторго таасир эткен жарансыздык социалдык жана экономикалык өнүгүүгө тоскоол болуп, чыңалууну пайда кылышы мүмкүн, бул өз кезегинде зомбулук менен коштолгон жаңжалга жана аргасыз жер которууга алып келет.

2015-жылы БУУнун КЖКБ, ПАС жана Түштүк Африканын Парламенти биргелешип “Ар бир адамдын жарандыкка укугу” деген темада конференция өткөрүшкөн. Бул конференция жарандыкты жоюуга багытталган чечимдердин маалымдуулугун жогорулатууга салым кошту.

Ошондон бери, БУУнун КЖКБ #IBelong 2024-жылга чейин жарандыгы жоктукту жоюу боюнча 10 жылдык кампаниясын баштагандан кийин, жарандыгы жоктукту жоюуда жетишилген олуттуу прогресс тууралуу парламентарийлерге үзгүлтүксүз маалыматтык саресептерди өткөрүп туруу үчүн эки уюм биргелешип иш алып барышууда. Мисалы, Бириккен Улуттар Уюмунун жарандыгы жоктук боюнча конвенцияларына 20 жаңы өлкө кошулду, мыйзамдарда ондон ашык тиешелүү реформалар жүргүзүлдү, мурда жарандыгы жок болгон жүз миңдеген адамдарга жарандык берилди.

2019-жыл #IBelong кампаниясынын тең ортосу болуп саналат: долбоордун ушул пунктуна жакындап жатып, БУУнун КЖКБ жана ПАС дүйнөнү жарандыгы жоктуктан биротоло арылткысы келген өлкөлөрдүн парламентарийлерин колдоону улантууда. Бул колдонмо алар жарандыгы жок бала төрөлбөшүн, эркектер менен аялдардын балдарына жарандыкты бирдей өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу мыйзамдардагы реформаларды колдоо үчүн зарыл болгон практикалык көрсөтмөлөрдү табат деп ишенебиз, жарандыгы жок адамдарды аныктоо жана алардын байыр алышын жеңилдетүү максатында. Биз бул колдонмо мамлекеттердин, эл аралык уюмдардын, жарандык коомдун жана башка кызыкдар тараптардын жардамы менен 2024-жылга чейин жарандыгы жоктукту жоюу процессин тездетүү боюнча аракеттерди колдоо куралы катары жайылтылат деп терең ишенебиз.



Филиппо Гранди (Filippo Grandi)
БУУнун качкындар иштери боюнча



Мартин Чунгонг (Martin Chungong)
Парламенттер аралык союздун
Башкы катчысы

# Киришүү

Жарандыгы жоктук көйгөйү азыр жакынкы жылдарга караганда кеңири таанылып жатат. Бул көбүнесе өкмөттөрдүн, эл аралык уюмдардын жана бейөкмөт түзүмдөрдүн жарандыгы жок адамдардын абалына жана жарандыгы жоктукту алдын алуунун жана кыскартуунун маанилүүлүгүнө көңүл бурууга багытталган аракеттерине байланыштуу. Парламенттер аралык союз (ПАС) жана БУУнун Качкындар иштери боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы (БУУнун КЖКБ)- жарандыгы жоктукту жоюуга милдеттендирилген БУУнун агенттиги, бул жаатта көп жылдык кызматташуу тарыхына ээ жана жарандыгы жоктукту алдын алууда парламентарийлерге улуттук мыйзамдарды эл аралык стандарттарга ылайык реформалоого жардам берип келет. Ушул максатта 2005-жылы эки уюм биргеликте жарандык жана жарандыгы жоктук боюнча парламентарийлер үчүн колдонмонун биринчи басылышын чыгарышкан. Бул колдонмонун экинчи басылышы 2014-жылы басылып чыккан жана ошол эле жылы БУУнун КЖКБ 2024-жылга чейин жарандыгы жоктукту кыскартуу үчүн #IBelong кампаниясын баштаган. Бул аракеттердин уландысы катары БУУнун КЖКБ жана ПАС парламентарийлер үчүн *«Жарандык боюнча мыйзамдардагы жарандыгы жоктукту алдын алуу жана кыскартуудагы жакшы практикалар»* жаңы колдонмосун сунуштап жатышат. Бул колдонмо жарандыкка болгон укуктун эл аралык укуктук базасына, ошондой эле жарандыгы жоктуктун техникалык себептерине көңүл бурган мурунку басылманы толуктайт. Бул жаңы колдонмо мамлекеттерге төмөнкүлөргө мүмкүнчүлүк берген укуктук жоболордун практикалык мисалдарын берет:

- балдар арасында жарандыгы жоктукту толугу менен алдын алууга
- жарандык жөнүндө мыйзамдардан гендердик басмырлоо элементтерин алып салууга
- жарандыгы жок адамдарды аныктоо үчүн жол-жоболорду киргизүүгө жана алардын байыр алышын жөнөкөйлөтүүгө
- жарандыктан ажыратуунун жана алып салуунун бардык учурларында адамдар жарандыгы жок болуп калбашын камсыздоого

Бул колдонмодо бардык мамлекеттер эске алууга үндөгөн улуттук мыйзамдардагы айрым жакшы тажрыйбалар сүрөттөлгөн жана колдоого алынган.

Бактыга жараша, 2018-жылга карата мыйзамдарды БУУнун жарандыгы жоктук боюнча эки конвенциясына жана адам укуктары боюнча ар кандай келишимдерге шайкеш келтирүү үчүн реформалоо боюнча жалпысынан оң тенденция байкалды. Мисалы, бир нече жыл ичинде энелерге аталары менен бирдей балдарына жарандык берүүгө жол бербөөчү мамлекеттердин саны олуттуу кыскарды, ошону менен дүйнөдө жарандыгы жоктуктун массалык булагы кыскартылды. Бирок, бул колдонмо жарыяланган күнгө карата, 25 мамлекеттерде дагы эле гендердик басмырлоочу мыйзамдар бар. Андан тышкары, бүгүнкү күндө көптөгөн мамлекеттер өз аймагында төрөлгөн же болбосо жарандыгы жок болуп кала турган балдарга жарандык берүү жөнүндө жоболор бар болсо да, башка көптөгөн өлкөлөрдө мындай кепилдиктер жок же алар жарым-жартылай же белгилүү бир шарттарда гана иштешет.

Натыйжада, балдардын арасында жарандыгы жоктук дүйнөнүн көп жерлеринде сакталууда. Ал эми балдар чоңоюп баратканда, алар жарандыгы жоктукту өз балдарына өткөрүп берүү коркунучу бар. Кошумчалай кетсек, жок дегенде бир чөйрөдө – жарандыгынан ажыратуу – айрым өлкөлөрдө иш жүзүндө жарандыгы жок болуу коркунучун жогорулаткан жаңы мыйзамдар жана тажрыйбалар пайда болуп жатканын белгилей кетүү керек. Бактыга жараша, мамлекеттер «эч кимди артта калтырбоо» чечимин кабыл алган Туруктуу өнүгүү жаатындагы Күн тартибинде чагылдырылган маргиналдаштыруу, жакырчылык, чыр-чатактар жана туруксуздуктун ортосундагы байланышты жакшыраак түшүнүшөт.

Бүгүнкү күнгө чейин эч ким жарандыгы жок адамдардай артта калган эмес, алар көп учурда мектепке бара албайт, мыйзамдуу иштей албайт, банктан эсеп ача албайт, дарыгерге кайрыла алышпайт. Мындан тышкары, мындай адамдарды коомдук турмуштан четтетүү жамааттардын жана бүтүндөй коомдун бакубаттуулугуна жана туруктуулугуна таасирин тийгизет. Чынында эле, акыркы окуялар, тилекке каршы, жарандыгы жоктук дагы эле коомдук толкундоонун, чыр-чатактардын жана калктын жер которуусунун потенциалдуу себеби, ошондой эле тиешелүү адамдар үчүн адам укуктарынын олуттуу көйгөйү экенин ачык көрсөттү. Ошондой болсо да, жарандыгы жоктук көйгөйүн чечүү техникалык жактан абдан жөнөкөй, муну бул колдонмо ачык-айкын көрсөтүп турат. #IBelong жарандыгы жоктукту жоюу боюнча кампания өзүнүн ортосуна жакындап калды, жана бардык мамлекеттер бул балээни биротоло жок кылуу үчүн дагы да көп аракет кылышы керек. БУУнун КЖКБ жана ПАС бул жаңы колдонмодо берилген техникалык көрсөтмөлөр мамлекеттерге жарандык укук боюнча зарыл реформаларды жүргүзүүгө түрткү берет деп үмүттөнүшөт.

# Балдардын жарандыгы жоктугуна карата кепилдиктер

## Киришүү

Жарандыгы жок төрөлгөн ар бир баланын жемиштүү жана толук кандуу жашоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү өтө чектелген. Бирок балдар арасындагы жарандыгы жоктук – бул толугу менен алдын алууга жана жоюуга боло турган көйгөй. Ошондуктан, БУУнун КЖКБ 2014-2024-жылдарга Жарандыгы жоктукту жоюу боюнча Глобалдык иш-аракеттер планына төрөлгөндө жарандыгы жоктукту жоюуну негизги иш-аракет катары киргизген («Глобалдык аракет планы»)[1].

Жарандыгы жоктуктун жаралуусуна каршы тиешелүү кепилдиктерди жарандык мыйзамдарга киргизүү менен мамлекеттер жарандыгы жоктуктун сакталышын алдын алышы, аны муундан-муунга өткөрүп берүү менен, жарандыгы бар ата-энелер аны балдарына өткөрүп бере албаган жагдайлардан качышы мүмкүн. Мындан тышкары, тиешелүү кепилдиктер ата-энеси белгисиз жетим же кароосуз калган балдардын («табылган балдардын») жарандыгы жок калбасын камсыздайт.

### 1961-жылдагы Жарандыгы жоктукту азайтуу жөнүндө конвенциянын жоболору

Балдардын жарандыгы жоктугуна тиешелүү эл аралык стандарттардын эң кеңири топтомун 1961-жылкы Жарандыгы жоктукту азайтуу боюнча Конвенциядан тапса болот (1961-ж. Конвенция)[2]. Бул документ макулдашуучу тараптар үчүн үч негизги милдетти белгилейт, алар жалпы ишке ашырылса, бир муундун ичинде жарандыгы жоктук натыйжалуу жок кылынат[3]:

- биринчиден,1961-жылдагы Конвенциянын 1-беренесине ылайык, Макулдашуучу мамлекеттер 1(1) (b) беренесинде саналган белгилүү бир шарттарга жараша автоматтык түрдө же арыз боюнча жарандыгы жок болуп кала турган өз аймагында төрөлгөн бардык балдарга өздөрүнүн жарандыгын бериши керек.
- экинчиден, 1(4)-беренеге жана 4-беренеге ылайык, Макулдашуучу мамлекеттер чет өлкөдө төрөлгөн балдарга, эгер алардын ата-энесинин бири ошол мамлекеттин жарандыгына ээ болсо жана эгер мындай балдар жарандыгы жок болуп калса, аларга жарандык бериши керек .
- үчүнчүдөн 2-беренеге ылайык, Макулдашуучу мамлекеттер өз аймагында ташталган балдарга жарандык бериши керек.

1 1#IBelong кампаниясы жана Аракеттердин глобалдык планы менен таанышуу үчүн: www.unhcr.org/ibelong-campaign- to-end-statelessness.html дарегин боюнча #IBelong өтүү керек. *«Бир дагы бала жарандыгы жок төрөлбөсүн камсыздоо» Аракеттердин глобалдык планын Аракет 2 толук түшүндүрмө менен таанышуу үчүн «Бир дагы бала жарандыгы жок төрөлбөшүн камсыздоо» Аракет 2- мыкты тажрыйбанын үлгүлөрү (2017-жылдын 20-марты) БУУ КЖКБ документин караңыз, дареги*: www.refworld.org/docid/58cfab014.html.

2 Бул принциптерге тиешелүү рекомендациялар менен таанышуу үчүн БУУ КЖКБ Жарандыгы жоктукту азайтуу жөнүндө 1961-жылдагы Конвенциянын 1-4-беренелерине ылайык №4 Ар бир баланын жарандыкты алууга укугун камсыздоо жарандыгы жоктук маселелери боюнча рекомендацияларды караңыз, 2012-жылдын 21-декабры HCR/GS/12/04, дареги: https://www.refworld.org.ru/docid/5405901e4.html

3 2014-жылдагы Аракеттердин глобалдык планы иштеп баштагандан тартып, 1961-жылдагы Конвенциянын мүчө катышуучулары 61ден 71ге чейин көбөйгөн. Аракеттердин глобалдык пландын 9 аракетине ылайык БУУ КЖКБ ушул Конвенцияга кошулууга жардам берүүгө жана мамлекеттердин колдоого багытталган ишин улантууда.

# Адам укугу жөнүндө келишимдердеги кошумча жоболор

Көптөгөн өлкөлөр тарабынан ратификацияланган адам укуктары боюнча бир катар документтерде балдарды жарандыгы жоктуктан коргоого байланыштуу кошумча жоболор жана принциптер камтылган. 170 мамлекет катышуучусу болуп саналган Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактта «ар бир бала жарандык алууга укуктуу» деп белгиленген (24(3)-берене).

Мындан тышкары, 194 өлкө ратификациялаган, Бириккен Улуттар Уюмунун балдардын укуктары жөнүндө Конвенциясында (БУК) каралгандай, ар бир бала «төрөлгөндөн кийин дароо катталууга тийиш жана төрөлгөн учурдан тартып ат коюуга жана жарандык алууга, ошондой эле мүмкүн болушунча ата-энелерин билүүгө жана алардан кам көрүү укугуна ээ» (7(1)-берене).

Бул укукту ишке ашыруу «айрыкча, бала жарандыгы жок болгон учурларда» колдонулат (7(2)-берене). Маанилүү нерсе, БУКтун 7 жана 8-беренелери менен бирге колдонулган 3-беренесине ылайык, балдарга карата бардык аракеттерде, анын ичинде жарандык чөйрөдө да *баланын эң жогорку кызыкчылыктарын камсыздоо* биринчи орунда болушун талап кылынат.[4]

Ошол конвенцияга катышкан европалык мамлекеттерге карата колдонулуучу *Жарандык жөнүндө Европа конвенциясы* (ЖЕК) да 1961-жылкы Конвенция менен айкалышат. Атап айтканда, ал мамлекеттин аймагында төрөлгөн, башкача айтканда, жарандыгы жок болуп кала турган табылган балдардын жана башка балдардын мыйзам боюнча (*ex lege*) жарандык алышын караштырат.[5]

Адам укуктары боюнча Америка конвенциясында жана Балдардын укуктары жана жыргалчылыгы боюнча Африка хартиясында да жарандыкка укук каралган. Бул документтердин ар бирине ылайык, бала төрөлгөн мамлекетке 1961-жылкы Конвенцияда камтылган, төрөлгөндө башка жарандыкка ээ болбогон балдарга колдонулуучу окшош милдеттенме жүктөлөт[6].

1961-жылкы Конвенцияда туулгандыгын каттоо ачык айтылбаса да, ал көбүнчө баланын белгилүү бир жарандыкка же жарандыкка болгон укугун далилдөөчү негизги каражат болуп саналат. Туулгандыгын каттоо учурунда берилген документтерде эң аз дегенде баланын аты-жөнү, туулган күнү жана жери, ата-энесинин аты-жөнү жөнүндө маалыматтар камтылат. Ошентип, бул маалымат, эреже катары, баланын жарандыкка болгон укугунун далили катары кызмат кылат - теги же туулган жерине негизделип. Демек, балдардын туулгандыгын каттоонун тиешелүү ченемдик укуктук актыларын жана жол-жоболорун кабыл алуу балдардын жарандыгы жоктугуна каршы кепилдиктердин маанилүү элементи катары каралышы мүмкүн.

Мындан тышкары, туулгандыгын каттоо адам укуктары боюнча бир катар эл аралык келишимдерге, анын ичинде ЖСУЭПтин 24(2)-беренесине жана БУКтун 7(1)-беренесине ылайык милдеттүү болуп саналат. Ушул эки документке ылайык, мамлекеттер баланын укуктук статусуна же анын

---

4 БУК 3(1)-беренеси: «балдарга карата мамлекеттик же жеке менчик мекемелер, соттор, администрация же мыйзам чыгаруучу орган тарабынан жасалган бардык аракеттерде балынын эң жакшы кызыкчылыктары биринчи кезекте эске алынууга тийиш».

5 6(1)(b), (2)(a) жана (2)(b)-беренелери.

6 *Адам укуктары жөнүндө америкалык конвенция*, 20(2)-берене; *Балдардын укуктары жана бакубатчылыгы жөнүндө африкалык хартия, 6(4)-берене. 2014-жылы балдардын укуктары жана бакутбатчылыгы боюнча эксперттердин африкалык комитети Балдардын укуктары жана бакубатчылыгы жөнүндө африкалык хартиянын 6-беренесине карата жалпы тартиптеги сын-пикирди кабыл алган*, ACERWC/GC/02, 2014, дареги: www.refworld.org/docid/54db21734.html

ата-энесинин укуктук статусуна карабастан, басмырлоосуз, ал туулгандан кийин дароо каттоону камсыз кылышы керек.[7]

Кошумчалай кетсек, төрөлгөндө каттоого алуу укугу БУУнун Эмгекчи-мигранттардын укуктары жөнүндө Конвенциясында (29-берене), Майыптардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясында (18(2)-берене), ошондой эле адам укуктары боюнча бир катар аймактык документтерде ырасталган.[8] Туулгандыгын каттоонун маанилүүлүгү жана бул чөйрөдөгү мыкты тажрыйбалардын мисалдары боюнча толук түшүндүрмө алуу үчүн БУУнун КЖКБ «Жакшы тажрыйбалардын үлгүлөрү – аракет 7: Жарандыгы жоктукту алдын алуу максатында туулганды каттоону камсыздоо», 2017-жылдын ноябры.[9]

# Мыйзамдардын жана жакшы практиканын үлгүлөрү

Бул бөлүмдө жогоруда саналып өткөн бир же бир нече кепилдиктерди камтыган мыйзамдардын мисалдары келтирилген. Бардык мамлекеттер тарабынан үч кепилдикти камтыган жоболордун кабыл алынышы бүткүл дүйнө боюнча балдардын жарандыгы жоктугун жоюуга чоң жардам берет.[10]

## 1. Мамлекеттин аймагында төрөлгөн, жарандыгы жок адам болуп калышы мүмкүн болгон балдарга жарандык берүү

1961-жылкы Конвенцияга ылайык, Макулдашуучу мамлекеттер өз аймагында төрөлгөн, жарандыгы жок адам болуп калышы мүмкүн болгон балдарга жарандыгын бериши керек. Конвенция мамлекеттерге мындай балдарга жарандык берүүнүн жалгыз милдеттүү жолу белгиленбейт, тандоо мүмкүнчүлүгү берилет: автоматтык түрдө же өтүнүч берилгенде. Бирок, акыркы учурда, 1961-жылкы Конвенцияда мамлекеттер баланын жарандык алуу укугуна карата белгилей турган шарттарга тышкы чектөөлөр белгиленет. 1(2)-беренеде камтылган, жол берилген шарттардын тизмеси төмөндөгүдөй:

- өтүнүч «он сегиз жаштан кеч эмес башталып, жыйырма бир жашка чыккан мезгилден эрте эмес бүтүшү» керек болгон мөөнөттө берилиши керек деген талап (1(2)-берене (a)).
- Макулдашуучу мамлекетте белгилүү бир мөөнөттүн ичинде туруктуу жашоо талабы «ал өтүнүч берилгенге чейинки беш жылдан ашпоого тийиш жана он жылдан ашпоого тийиш» (1(2)-берене(b)).
- өткөндөгү кылмыштарына байланыштуу чектөөлөр (1(2)-берене(c)).
- Тиешелүү адам ар дайым жарандыгы жок адам болушу жөнүндө шарт (1(2)-берене(d)).

1961-жылдагы Конвенцияга ылайык, башка шарттарга жол берилбейт. Мисалы, Макулдашуучу мамлекет ата-энеси мыйзамдуу түрдө ошол мамлекетте жашаган балдарга гана өзүнүн

---

7 Адам укуктары боюнча БУУ Комитетин караңыз, 24-беренеге (балдар укуктары) карата №17 жалпы тартиптеги сын-пикир, 1989-жылдын 7-апрели, 7- 8-пункттары, дареги: www.refworld. org/docid/45139b464.html

8 мисалы, *Балдардын укуктары жана бакубатчылыгы жөнүндө африкалык хартия*, 6(2)-берене; *Исламда балдардын укуктары жөнүндө пакт*, 7(1)-берене

9 БУУ КЖКБ, *Мыкты тажрыйбанын үлгүлөрү - Аракет 7: Жарандыгы жоктукту алдын алуу максатында туулгандыгын каттоону камсыздоо*, 2017-жылдын ноябры, дареги: www.refworld.org/docid/5a0ac8f94.html

10 БУУ КЖКБ, *мыкты тажрыйбанын үлгүлөрү - аракет 2*, жогоруда.

жарандыгын бере албайт. Баланын Макулдашуучу мамлекеттин жарандыгын алуу укугу анын ата-энесинин укуктук статусуна карабастан кепилдениши керек.

1961-жылдагы Конвенцияга ылайык талап кылынбаса да, жарандык төрөлгөндө автоматтык түрдө бериле турган мыйзамдардын жоболорун кабыл алуу жакшы тажрыйба болуп эсептелет[11]. Мындай мыйзамдар БУКтун 3 жана 7-беренелеринде белгиленген «баланын эң жогорку кызыкчылыктары» принцибине, ошондой эле жарандыгы жоктукка жол бербөө принцибине ылайык келет, бул принципти азыр кээ бирлер эл аралык кадимки укук деп эсептешет.[12]
Эгер мамлекет өтүнүч боюнча өз жарандыгын берүүнү чечсе, 1961-жылдагы Конвенциянын 1(2)-беренесине ылайык жол берилген кандайдыр бир шарттарды коюу баланын олуттуу убакыт аралыгында жарандыгы жок болушуна алып келбеши керек.[13]

Жарандыгы жок болуп кала турган балдарга автоматтык түрдө жарандыкты кепилдикке алуунун мисалын Гвинея-Бисауда көрүүгө болот, анын Жарандык жөнүндө мыйзамында (2010-жылы толукталган) каралгандай: *«É cidadão guineense de origem... O individuo nascido no território nacional quando não possua outra nacionalidade»* (расмий эмес котормо: «Гвинеянын жараны - бул анын аймагында төрөлгөн жана башка мамлекеттин жарандыгына ээ болбогон ар кандай адам»).[14]

Ошо сыяктуу эле, 2013-жылдын февралында киргизилген өзгөртүүлөрү менен Болгариянын жарандык жөнүндө мыйзамында «туулган жери боюнча Болгариянын жараны деп Болгария Республикасынын аймагында туулган, теги боюнча башка мамлекеттин жарандыгын албаган ар бир адам саналат» деп белгиленген.[15]

Бул жоболор тиешелүү түрдө мамлекеттин аймагында төрөлгөн «жарандыгы жок болуп кала турган» бардык балдарды камтыйт. Аларды колдонуу жарандыгы жок ата-энелердин же мамлекеттин аймагында мыйзамдуу түрдө жашаган ата-энелердин балдары менен гана чектелбейт. Мындан тышкары, бул жоболор аларды башка мамлекеттин жарандыгына укугу жок балдарга гана колдонуу коркунучун алдын алат. Жарандыгы жок адам эл аралык укукта анын мыйзамдарына ылайык мамлекеттин жараны болуп эсептелбеген адам катары аныкталгандыктан,[16] баалоо болжолдуу же ретроспективдүү болбостон,[17] азыркы учурда жүргүзүлүүгө тийиш.

Келишим түзүүчү мамлекеттер алардын аймагында төрөлгөн, жарандыгы жок адам болуп калышы мүмкүн болгон балдарга карата жарандыкты алуу жол-жобосун автоматтык түрдө колдонуунун ордуна өтүнүч берүү жол-жобосун колдонууну чечиши мүмкүн. Мындай мамлекеттер тиешелүү ата-энелерге жарандык алуу мүмкүнчүлүгү, ошондой эле кантип кайрылуу керек жана кандай шарттар аткарылышы керектиги жөнүндө толук маалымат менен камсыз кылуусу керек.[18]

---

11 БУУ КЖКБ, *N°4 жарандыгы жоктук маселелери боюнча рекомендациялар: Жарандыгы жоктукту азайтуу жөнүндө 1961-жылдагы Конвенциянын 1-4-беренелерине ылайык ар бир баланын жарандыкка ээ болууга укугун камсыздоо*, 2012-жылдын 21-декабры, HCR/GS/12/04, дареги: https://www.refworld.org.ru/docid/5405901e4.html.

12 *Бул милдет бекитилген, Жарандык жөнүндө Европа конвенциясына карата түшүндүрмө докладында, 4-беренеде* жарандыгы жоктукка жол бербөө боюнча милдет кадимки эл аралык укуктун бөлүгү катары белгиленет. ЖЕК, ETS N°166, 1997-ж., 33-пункту: https://rm.coe.int/16800ccde7.

13 БУУ КЖКБ, N°4 жарандыгы жоктук маселелери боюнча рекомендациялар, жогоруда, 11-пункт.

14 Lei da Nacionalidade, Lei N°6/2010, 5-б.

15 Болгариянын жарандыгы жөнүндө Мыйзамы (2013-жылдын февралындагы өзгөртүүлөр менен), 10-берене.

16 Жарандыгы жок адамдын статусу жөнүндө 1954-жылдагы конвенциянын 1-беренеси.

17 БУУ КЖКБ, жарандыгы жок адамдарды коргоо маселелери боюнча колдонмо, 2014-жылдын 30-июну, 50-пункту, дареги: https://www.refworld.org.ru/docid/55b9eeb340.html.

18 БУУ КЖКБ, N°4 жарандыгы жоктук маселелери боюнча рекомендациялар , жогоруда, 53 – 54-пункттары.

## 2. Мамлекеттин жарандарынын чет өлкөдө төрөлгөн, жарандыгы жок адам болуп калышы мүмкүн болгон балдарына жарандык берүү

1961-жылкы Конвенция Макулдашуучу мамлекеттердин жарандарынын биринен чет өлкөдө төрөлгөн, жарандыгы жок адам болуп калышы мүмкүн болгон балдарга жарандык берүү милдетин белгилейт. Көпчүлүк мамлекеттер жарандыгын теги боюнча өткөрүп берүүнү камсыз кылат (*jus sanguini* принциби («кан укугу» принциби)). Бирок, кээде мындай которуулар чет өлкөдө төрөлгөн балдарга ата-энесинин жарандыгын мурастоого тоскоол боло турган белгилүү бир шарттар - көбүнчө чектөөчү мүнөздөгү шарттар менен коштолот.

Бул жагынан **Бразилиянын** жарандык жөнүндө мыйзамы оң жылыштардын мисалы болуп саналат. 1994-жылы Бразилиянын парламенти Конституцияга оңдоолорду кабыл алган, анда бразилиялык жарандардын чет өлкөдө төрөлгөн балдары «Бразилия Федеративдик Республикасында жашоо үчүн, Бразилиянын жарандыгын тандаса гана» бразилиялык боло алышат дегени каралган.[19]

2007-жылы жарандык коом, жалпыга маалымат каражаттары жана саясатчылар катышкан узакка созулган кампаниядан кийин Бразилиянын парламенти бул мыйзамды жаңы жобо менен алмаштырган, ага ылайык, бразилиялык энеден же бразилиялык атадан чет өлкөдө төрөлгөн балдар жөн гана Бразилиянын консулдук өкүлчүлүгүндө каттоодон өтүп, Бразилиянын жарандыгын ала алышат.[20]

2007-жылы Конституцияга киргизилген оңдоо келечекте жарандыгы жоктуктун жаңы учурлары болбошун камсыздаган. Мындан тышкары, атайын өткөөл жобого ылайык, буга чейин жарандыгы жок бардык балдар Бразилиянын жарандыгын алууга укуктуу.[21]

## 3. Табылган балдарга жарандыкты берүү

1961-жылдагы Конвенциянын 2-беренесине ылайык, катышуучу-мамлекеттер ата-энесин аныктоого мүмкүн болбогон ташталган балдарга («табылган балдарга») өздөрүнүн жарандыгын бериши керек. Бул категорияга тиешелүү мамлекетте ата-энеси менен укуктук байланышы болбогон балдар кирет - мисалы, бала никесиз төрөлгөндүктөн жана атасы же апасы тарабынан таанылбагандыктан.

2006-жылдын мартындагы Ирактын жарандык жөнүндө мыйзамы 2-беренеге шайкештиктин жакшы мисалы болуп саналат: *«Адам Ирактын жараны болуп эсептелет, эгерде (б) ал ата-энеси ким экени белгисиз болуп, Иракта туулса. Ирактан табылган бала, башкага далилдер жок болсо, ошол аймакта төрөлгөн деп эсептелиши керек.»*.

«Табылган бала» аныктамасына шайкеш келүүгө байланыштуу Кениянын 2010-жылкы Конституциясында: *«Кенияда табылган, сегиз жаштан жаш эмес же сегиз жашка чыга элек болуп көрүнгөн, жарандык таандыгы жана ата-энеси белгисиз болгон бала, туулгандыгы боюнча жаран болуп эсептелет.»*[22]

---

[19] 1994-жылдагы N°3 Конституциялык оңдоо.

[20] 2007-ж. 20-сентябрындагы 54/07 Конституциялык оңдоо, 12-б.

[21] 2007-ж. 20-сентябрындагы 54/07 Конституциялык оңдоо, 12(c)-б.. Качкындар иштери боюнча БУУ Жогорку Комиссары (БУУ КЖКБ), *мыкты тажрыйбанын үлгүлөрү - Аракет 1: Жарандыгы жоктуктун бар болгон масштабдуу жагдайлардын чечилиши*, 2015-жылдын 23-февралы, дареги: www.refworld.org/docid/54e75a244.html.

[22] 2010-ж. Конституция, 14(4)-б.

> 1961-жылкы Конвенцияда бала табылган бала катары каралбай турган курак чектелбейт, бирок мамлекеттерге бул статусту бойго жеткенге чейин таануу сунушталууда. Жок эле дегенде, баланын кызыкчылыгын коргоо принцибине ылайык ата-энесинин инсандыгы же туулган жери тууралуу так маалымат бере албаган бардык жаш балдарга карата колдонулушу керек.[23]

1961-жылдагы Конвенциянын 2-беренесине ылайык, табылган балдардын алган жарандыгы, эгерде тиешелүү балада башка мамлекеттин жарандыгы бар экендиги далилденген учурда гана жоголушу мүмкүн экенин белгилей кетүү маанилүү. Мисалы, 2004-жылдагы өзгөртүүлөр менен Египеттин жарандык жөнүндө мыйзамына ылайык, египеттик: *«Ата-энеси ким экени белгисиз, Египетте туулган адам. Эгер башкасы көрсөтүлбөсө, Египетте табылган бала Египетте төрөлгөн болуп саналат»*.[24] Бирок, мамлекеттер балдар табылгандан кийин аларга берилген жарандыгын сактап кала турган жоболорду белгилей алышат. Мисалы, **Босния жана Герцеговинанын** аймагында төрөлгөн же табылган бала, эгерде *«ата-энесинин экөө тең белгисиз, алардын улуту белгисиз болсо, алар жарандыгы жок же бала жарандыгы жок болсо»* ошол өлкөнүн жарандыгын алат.[25]

## Таанышуу үчүн негизги булактар

- Жарандыгы жоктукту азайтуу жөнүндө Конвенция.
- Балдардын укугу жөнүндө Конвенция.
- БУУнун КЖКБ, Жакшы тажрыйбанын үлгүлөрү – *Аракет 1: Жарандыгы жоктуктун масштабдуу жагдайларын чечүү*, 2015-жылдын 23-февралы, төмөнкүдөй даректе тапса болот: www.refworld.org/docid/54e75a244.html.
- БУУнун КЖКБ, Жакшы тажрыйбанын үлгүлөрү - *Аракет 2: Бир дагы баланын жарандыгы жок төрөлбөшүн камсыздоо*, 2017-жылдын 20-марты, төмөнкүдөй даректе тапса болот: www.refworld.org/docid/58cfab014.html.
- БУУнун КЖКБ, *Жарандыгы жоктук маселелери боюнча рекомендациялар N°4: Жарандыгы жоктукту азайтуу жөнүндө 1961-жылдагы Конвенциянын 1-4-беренелерине ылайык ар бир баланын жарандыкка ээ болуу укугун камсыздоо*, 2012-жылдын 21-декабры, HCR/GS/12/04, дареги: https://www.refworld.org.ru/docid/5405901e4.html.

[23] БУУ КЖКБ, N°4 жарандыгы жоктук маселелери боюнча рекомендациялар, жогоруда, 57- 58-пункттары.

[24] Египеттин жарандыгына тийиштүү 1975-жылдагы N°26 Мыйзамынын айрым жоболоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө N°154 Мыйзам, 2(2)-б.

[25] N°N° 4/97, 13/99, 41/02, 6/03, 14/03, 82/05, 43/09, 76/09, 87/131 *Official Gazette* бириктирилген Босния жана Герцеговинанын жарандыгы жөнүндө Мыйзам 7-б. (расмий эмес котормо).

# Жарандык жөнүндө мыйзамдардагы гендердик теңчилик

## Киришүү

Ошо сыяктуу эле, жарандык жөнүндө мыйзамдардагы гендердик теңсиздик чоңдор менен балдардын арасында жарандыгы жоктукка алып келиши мүмкүн. Мындай мыйзамдар аялдарга жана эркектерге бирдей мамиле каралган эл аралык укук боюнча мамлекеттердин милдеттенмелерине туура келбейт.[26]

*Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенцияга* катышкан мамлекеттер (АБЖК) жарандыкты балдарга жана жубайларга өткөрүүдө аялдар менен эркектерге бирдей укуктарды берүү боюнча так милдет бар. АБЖКтын 9(1) беренесине ылайык, катышуучу-мамлекеттер «жарандыкты алуу, өзгөртүү же сактап калуу үчүн аялдарга эркектер менен бирдей укуктарды берүүгө» милдеттүү. Атап айтканда, «алар чет өлкөлүк жаранга никеге туруу да, нике учурунда күйөөсүнүн жарандыгын өзгөртүү да аялдын жарандыгын автоматтык түрдө өзгөртүүгө алып келбешин, аны жарандыгы жок кылып албашын жана күйөөсүнүн жарандыгын алууга мажбурлабасын камсыздайт».

АБЖКнын 9(2)-беренесине ылайык, «Катышуучу мамлекеттер аялдарга балдарынын жарандыгына байланыштуу эркектер менен бирдей укуктарды беришет». Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитет атасы жарандыгын өткөрүп берүү үчүн административдик талаптарга жооп бергиси келбеген же башка жол менен өзүнүн жарандыгын балдарга өткөрүп бере албаган, «аталык теги боюнча гана жарандыкты берген жарандык жөнүндө мыйзамдар 9(2)-беренени бузуп, атасы жарандыгы жок, белгисиз, балдардын энеси менен никеси жок болсо, балдардын жарандыгы жок болуп калышына алып келиши мүмкүн» деп белгилеген.[27] Жарандыгы жоктук коркунучун минималдаштыруу жана басмырлоону болтурбоо боюнча эл аралык ченемди сактоо үчүн мамлекеттер аталары менен бирдей негизде энелердин жарандыгын балдарына өткөрүп берүү укугун таанууга тийиш.

Мындан тышкары, Бириккен Улуттар Уюмунун Балдардын укугу боюнча Конвенциясынын (БУК) жоболоруна ылайык, катышуучу-мамлекеттер балдарга карата *баланын эң жакшы кызыкчылыктарына* ылайык иш-аракет кылышы керек.[28] Жарандыкка ээ болуу маселесине келсек, баланын кызыкчылыктарын камсыз кылуу үчүн мамлекеттер энелер менен аталарга алардын жарандык абалына же үй-бүлөлүк абалына карабастан, өзүнүн жарандыгын бирдей негизде балдарга өткөрүп берүүгө уруксат бериши керек.

---

> Башка мамлекеттерде мыйзамдын негизинде (ex lege) жарандыгын жоготуу боюнча жоболор сакталууда, бирок жарандыгы жокторго толук кепилдик берилет. Мисалы, **Финляндиянын** жарандык жөнүндө мыйзамында 22 жашында ал өлкө менен жетиштүү байланышы жок кош жарандыгы бар адамдардын Финляндиянын жарандыгын жоготушу каралган. Жеке адамдар «Финляндиянын дипломатиялык өкүлчүлүгүнө, профессионал консул башкарган консулдукка же Каттоо кызматына Финляндиянын жарандыгын сактап калууну каалоосун жазуу жүзүндө билдирсе» өлкө менен жетиштүү байланышты сактап калат деп эсептелет.[69] Маанилүү нерсе, бул мыйзамга ылайык, улуттук бийлик органдары «алар менен байланышуу» жана «алар 22 жашка чыкканга чейин жарандыгын кантип сактап калышы керектигине инструкция берүү» үчүн 18 жашка толгон бардык фин жарандарынын даректери камтылган «калкты маалымдоо тутумун» колдоого милдеттүү. Мындан тышкары, «эгер адам Финляндия менен жетиштүү байланышы жоктугунан улам, 22 жашка чыкканда Финляндиянын жарандыгын жоготсо, Каттоо башкармалыгы бул тууралуу калкты маалымдоо тутумга жазып, анын дареги бар болсо, тиешелүү тарапты кабарлайт».[70] Мындай эреже 1961-жылдагы Конвенциянын объектисине жана максатына жана келечектеги жарандыгы жоктукту жоюу же азайтуу боюнча Конференциянын Корутунду актысына шайкеш келет.[71]

декларациясынын 13 жана 14-беренелеринде баяндалган принциптерге карама-каршы келген учурларда колдонулбайт.»

[68] ЖЕК, 7(1)-б.(е).

[69] Жарандык жөнүндө акт (359/2003), 359/2003, 2003-ж. 1-июну, 34-б., дареги: www.refworld.org/docid/3ae6b51614.html.

[70] Ошол эле жерде, 37 – 38-б.

[71] Келечекте жарандыгы жоктукту жоюу же азайтуу боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун Конференциясынын корутунду акты, Резолюция III, *жогоруда*

> Финляндиянын мыйзамдары да 1961-жылкы Конвенцияга шайкеш келет, анткени ал жарандыктан баш тартуу жарандыгы жоктукка алып келбесин талап кылат. Ал өлкөнүн Жарандык жөнүндө мыйзамынын 35-беренесинде төмөнкүлөр каралган:
>
> «Чет мамлекеттин жарандыгын алган же чет мамлекеттин жараны болууну каалаган Финляндиянын жараны өтүнүчү боюнча Финляндиянын жарандыгынан бошотулушу мүмкүн… Эгерде өтүнүч боюнча чечим кабыл алынган учурда, арыз ээси чет мамлекеттин жараны болбосо, анда ал чечимде белгиленген мөөнөттө чет мамлекеттин жарандыгын алгандыгы тууралуу күбөлүктү көрсөтүүнүн натыйжасында кабыл алына турган чечим менен Финляндиянын жарандыгынан чыгарылат. Чет мамлекеттин жарандыгын алгандыгы жөнүндө маалымат берилгенден кийин бул талаптын аткарылгандыгы жөнүндө күбөлүк берилет»[72].

Финляндияда арыз ээлери башка мамлекеттин жарандыгын алганын тастыктаган документти берүү талабы аркылуу жарандыгы жоктуктан тийиштүү түрдө корголот. «Мамлекеттин бийлик органдары мындай адам башка мамлекеттин жарандыгын ала алат деп ишенген учурда» же башка жаранга «талапкер деп эсептелген» адамдардын жарандыгынан баш тартуусуна же аны жоготууга жол берген мыйзамдар жарандыгы жокторго карата кепилдиктерди берүү жагынан жетишсиз болот.

1961-жылкы Конвенцияда белгиленген стандартка ылайык, адамдар башка улуттун ээлери болууга кепилдик болгондон кийин гана учурдагы жарандыгынан бошотулушу керек. Дагы бир пайдалуу мисал 2013-жылы кабыл алынган **Түркмөнстандын** жарандык жөнүндө мыйзамы, анда жарандыгы жоктукту алдын алууга багытталган так жана ырааттуу жоболор камтылган. Ушул Мыйзамдын 5-беренесинде «жарандыгы жоктукту алдын алуу жана азайтуу» «Түркмөнстандын жарандыгынын негизги принциптеринин» бири болуп саналат деп белгиленген.[73] Андан кийин, «Никеге туруудa же бузууда Түркмөнстандын жарандыгы» 7-беренеси үй-бүлөлүк абалынын өзгөргөнүнө карабастан, жубайлардын жана балдардын өз алдынча жарандык укуктарын камсыз кылат. Андан ары 16-беренеде «Түркмөнстандын жаранынын Түркмөнстандын жарандыгынан баш тартуу жөнүндө арызы, эгерде ал ушуга байланыштуу жарандыгы жок болуп калса, каралбайт» деп белгиленген.

Балдар укугуна байланыштуу эл аралык принциптерге ылайык, Түркмөнстандын жарандыгы жөнүндөгү мыйзамдын IV главасында балдар үчүн өзгөчө кепилдиктер белгиленген. Ушул главанын 18-беренесинин 2-пунктунда мындай деп айтылат: «Эгер баланын ата-энеси ([же] жалгыз бой эне) Түркмөнстандын жарандыгынан чыкса же Түркмөнстандын жарандыгын жоготсо, эгерде ушуга байланыштуу жарандыгы жок болуп калбаса, бала да түркмөн жарандыгынан чыгат». 19-берененин 2-пунктунда «эгер ата-энесинин бири түркмөн жарандыгын алса, экинчиси жарандыгы жок болсо, бала жашаган жерине карабастан, Түркмөнстандын жараны болуп калат» деп жазылган. Бул жобонун маанисин баалабай коюу мүмкүн эмес. Акырында, 23-берене баланын жарандыгын өзгөртүү - ата-энесинин жарандыгын өзгөртүү аркылуу болобу же асырап алуу аркылуу болобу - баланын ачык жана ыктыярдуу макулдугу менен болушун талап кылат.

### Таанышуу үчүн негизги булактар

- Жарандыгы жоктукту кыскартуу жөнүндө Конвенция.
- Жарандык жөнүндө Европа конвенциясы.

[72] Сонда..

[73] Түркмөнстан: 2013-ж. Жарандык жөнүндө мыйзамы, 2013-ж. 22-июну, дареги: https://www.refworld.org.ru/docid/52ef9dcb4.html.

# Жарандыктан ажыратуу

## Киришүү

Жарандыктан ажыратуу боюнча эл аралык стандарттардын айрыкча иштелип чыккан жыйындысы 1961-жылкы Конвенцияда табылган. 8(1)-берене, эгерде мындай ажыратуу чечиминин натыйжасында ал жарандыгы жок болуп калса, Макулдашуучу мамлекет эч бир адамды жарандыгынан ажыратпоого тийиш деген негизги эрежени белгилейт. Андан ары, 2 жана 3-пункттарда мамлекеттерге адамды жарандыгынан ажыратууга мүмкүндүк берүүчү негиздердин толук тизмеси келтирилген. Бул негиздер төмөнкүдөй:

- эгер жарандык жалган маалыматтарды билдирүүнүн натыйжасында же алдамчылыктын натыйжасында алынган болсо (8(2)-берене (b));
- эгер тийиштүү «адам, ошол Макулдашуучу мамлекет тарабынан ачык тыюу салууга карабастан, башка мамлекетке кызмат көрсөтсө же көрсөтүүнү улантса же башка Мамлекеттен сыйакы алса же алып жатса» (8(3)-берене (a)(i));
- эгер кызыкдар адам «ал Мамлекеттин турмуштук таламдарына олуттуу зыян келтире тургандай жүрүм-турум көрсөтсө» (8(3)-берене (a)(ii)).

Эгер тиешелүү адам «башка мамлекетке берилгендигине ант берсе же расмий түрдө берилгендигин билдирсе же ушул Макулдашуучу мамлекетке берилгендиктен баш тартуу ниети жөнүндө белгилүү далилдерди келтирсе» (8(3)(b)-берене).

Маанилүү нерсе, 1961-жылкы Конвенцияга ылайык, жарандыктан ажыратуу үчүн бул негиздер үч шарт аткарылганда гана колдонулушу мүмкүн. Биринчиден, жарандыктан ажыратуу укугу «тиешелүү адамдын соттун же башка көз карандысыз органдын адилеттүү каралышына болгон укугун караган мыйзамга ылайык» гана ишке ашырылышы мүмкүн (8(4)-берене). Экинчиден, жарандыктан ажыратуу саясаты же практикасы «расалык, этникалык, диний же саясий негиздер» боюнча негизделиши мүмкүн эмес (9-берене). Акырында, жогоруда айтылган жол берилүүчү негиздер боюнча жарандыгынан ажыратуу укугун Конвенцияга «кол коюу, ратификациялоо же ага кошулуу учурунда» колдонуудагы улуттук мыйзамдарга ылайык мындай укукту сактай тургандыгын көрсөткөн мамлекеттер гана ишке ашыра алат (8(3)-берене).

1961-жылкы Конвенциянын сүйлөшүүлөрүнөн кийин дароо эле, ондогон жылдар бою мамлекеттик мыйзамдар жана практика, эгерде мындай чара жарандыгы жоктукка алып келсе, жарандыгынан ажыратуудан качуу керек дегенге толук макулдукту көрсөттү. Демек, Европа Кеңешинин 21 мүчөсү үчүн милдеттүү документ болгон ЖЕК жарандыктан ажыратуу үчүн негиздер тиешелүү адам «алдамчылык аракеттер, жалган маалымат берүү жолу менен жарандыгын алган же арыз ээсине тиешелүү кандайдыр бир маанилүү фактыларды жашырган жагдайлар менен гана чектелет».[74]Башкача айтканда, ЖЕК ылайык, жарандыгынан ажыратуу, атүгүл 1961-жылкы Конвенциянын 8(3)-беренесинде жол берилген негиздер боюнча да (жогоруну караңыз), эгерде мындай чечим тиешелүү адамды жарандыгы жок кылса, жол берилбейт. Ошондой эле, ЖЕК 4(b)-беренесинде жарандыгы жок болуу принциби ачык жазылган.

---

74 *Жарандык жөнүндө Европа конвенциясы*, 7-б.

Кошумчалай кетсек, ЖЕКте 1961-жылкы Конвенцияда талаптагыдай процесске жана басмырлоого жол бербөө боюнча белгиленген стандарттар боюнча кененирээк маалымат берилген. ЖЕК 10-13-беренелери минималдуу жол-жоболук кепилдиктер боюнча эрежелерди белгилейт, анын ичинде жарандык боюнча бардык чечимдер жазуу жүзүндө «акылга сыярлык мөөнөттө» кабыл алынышы жана административдик же соттук тартипте кайра каралышы керек. Ошол эле учурда 5(2)-беренеде жарандык контекстинде басмырлоого жол бербөө ченеми өнүгүүдө. Анда «ар бир катышуучу-мамлекет жарандардын, алар туулгандыгы боюнча жараны же жарандыкка кийинчерээк ээ болгонуна карабастан, басмырлоого жол бербөө принцибин жетекчиликке алышы керек» деп айтылат.

# Кошумча эл аралык стандарттар

## Жарандыктан эркине каршы ажыратууга тыюу салуу

Балдар укугу жөнүндө Конвенция (8(1)-берене) жана *Мамлекеттик мураскорлукка байланыштуу жеке адамдардын жарандыгы жөнүндө беренелердин долбоору*[75] (16-берене) сыяктуу бир катар эл аралык документтер, ошондой эле ар кандай аймактык келишимдер[76] жарандыктан ээнбаштык менен ажыратууга ачык түрдө тыюу салат. Бул жоболор Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 15-беренесин кайталайт, анда «эч ким өзүм билемдик менен жарандыгынан ажыратылышы мүмкүн эмес».

Эгерде ал: (1) мыйзамдуу максатка жетүүгө көмөк көрсөтсө; (2) каалаган натыйжага жетүүнүн эң аз катаал жолу; жана (3) корголгон кызыкчылыктарга пропорционалдуу болсо бул чара ыктыярдуу болбостугу жалпы таанылган.[77] Мындан тышкары, ыктыярдуу эмес аракеттердин жоктугу мыйзамдуу процесстин минималдуу стандарттарын жана жол-жоболук кепилдиктерди сактоону билдирет деп жалпысынан түшүнүлөт. Мындай кепилдиктер төмөнкүлөрдү камтыйт: жарандык боюнча чечимдердин жазуу жүзүндө кабыл алынышын камсыз кылуу; мындай чечимдерди олуттуу карап чыгуу мүмкүнчүлүгү; жана акыркы апелляция боюнча жыйынтыктарды алууга чейин жарандыктан ажыратуу (жана чыгарып салуу) жөнүндө токтомдун аракетин токтотуп туруу.[78] Жарандыгы жоктукка алып келген жарандыгынан ажыратуу «жарандыгы жоктордун кесепеттеринин оордугун эске алуу менен пропорционалдуу чара катары актоо өтө кыйын болушу мүмкүн».[79]

---

[75] 1999-ж. элүү биринчи жыйында БУУ эл аралык укуктар комиссиясы кабыл алган документи.

[76] Мисалы, Жарандык жөнүндө Европа конвенциясы (4(1)(С)-б.), Адам укуктары жөнүндө америкалык *конвенция* (20(3)-б.), *Адам укуктарынын Араб хартиясынын кайра каралып чыккан редакциясы* (29-б.), ошондой эле Түштүк-Чыгыш Азиянын мамлекеттеринин ассоциациясынын адам укуктарынын *декларациясы (АСЕАН)* (18-б.).

[77] БУУ адам укуктары жөнүндө кеңеши, Адамдын укуктары жана жарандыктан ажыратуу: Башкы катчынын доклады, 2013-ж. 19-декабры A/HRC/25/28, дареги: https://www.refworld.org.ru/docid/52f8d1f14.html

[78] Ошол эле жерде, 31 – 33-пп. Жарандык жөнүндө Европа конвенциясы, 11 жана 12-б., аларда окшош стандарттар белгиленген.

[79] Ошол эле жерде, 4-пункт.

### Жарандыктан ажыроонун жубайына жана балдарына карата колдонулушу

Башка эл аралык документтер аялдардын жарандыкка болгон көз карандысыз укуктарын тааныйт[80] жана балдардын өз инсандыгын, анын ичинде жарандыкты сактоо укуктарын коргойт.[81] 1961-жылкы Конвенция (6-берене) жана ЖЕК (7(2)-берене) эгерде бул жарандыгы жоктукка алып келсе, жарандыктан ажыратуу чечиминин жубайларга жана балдарга колдонулушуна ачык тыюу салат. Мындан тышкары, БУК 3-беренеси дагы актуалдуу болуп саналат, анда мамлекеттердин балдарга карата бардык аракеттеринде *«баланын эң жогорку кызыкчылыктары биринчи кезекте эске алынууга тийиш»* деген принципти белгилейт. Эгерде балдар жарандыгы жок болуп калса, бул баланын кызыкчылыгына эч кандай туура келбейт.[82]

# Мыйзамдардын жана мыкты практиканын мисалдары

Терроризмге байланыштуу тынчсызданууулардын күчөшүнө жооп кылып, бир катар өлкөлөр жакында мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктарын кеңейтишти же өз жарандарын жарандыгынан ажыратууга байланыштуу бар болгон ыйгарым укуктарды көбүрөөк колдонушту. Бирок, башка көптөгөн мамлекеттер жарандыгы жоктукка каршы кепилдиктерди сактоо же орнотуу үчүн чараларды көрүштү.

Буга **Канада** мисал боло алат. Жарандык жөнүндө мыйзамга 2014-жылы киргизилген өзгөртүүлөр терроризмге айыпталгандарды соттоону камтыган негиздер боюнча жарандыктан ажыратуу жөнүндө ченем киргизилген.[83]

2017-жылдын июнь айында Канаданын Парламенти 2014-жылдагы көптөгөн оңдоолорду жокко чыгаруу үчүн добуш берип, 1985-жылы кабыл алынган мыйзамга кайтып келди, алар жарандыкты алуу боюнча жалган билдирүү, алдамчылык же материалдык фактыларды жашыруу учурларында гана жарандыгынан ажыратууга жол ачкан.[84]

**Украинанын** жарандыгы жөнүндө мыйзамдын 2-беренеси, акыркы жолу 2016-жылы өзгөртүлгөн, «жарандыгы жок болгон учурларды болтурбоо» жана «украин жарандарын украин жарандыгынан ажыратуу мүмкүн эместигин» камтыган принциптерди белгилейт. 19-беренеге ылайык, жарандыгын жоготуу үчүн негиздер «эгер мунун натыйжасында Украинанын жараны жарандыгы жок адам болуп калса, колдонулбайт» (расмий эмес котормо).[85]

---

80 Никеде турган аялдын жарандыгы жөнүндө БУУ 1957 Конвенциясы, 1-б.; Аялдарды басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө БУУ Конвенциясы, 9-б.; Жарандык жөнүндө Европа конвенциясы, 4(d)-б.

81 мисалы, Балдардын укуктары жөнүндө *Конвенция*, 8-б.; Исламда баланын укуктары жөнүндө *пакт*, 7(2)-б.

82 мисалы, *Тунис корутундулары*, жогоруда, 62-пункт.

83 2014-ж өзгөртүлгөн Канаданын жарандык жөнүндө мыйзамына ылайык бир катар кылмыштар, анын ичинде терроризм, мамлекеттик чыккынчылык же тыңчылык үчүн Кылмыш кодексиндеги аныктамаларга ылайык Канаданын жарандыгынан ажыратууга мүмкүндүк берген жоболор киргизилген . Бирок, бул мыйзамга ылайык жарандыгы жоктукка алып келе турган, жарандыгын жокко чыгарууга тыюу салынган: « 10(2) жана 10.1(2)-пункттары Канада кол койгон, жарандыгы жоктукка тиешелүү адам укуктары жөнүндө эл аралык укуктук документтерге каршы келүүчү кандайдыр бир чечимди, чараны же билдирүүнү авторизациялоо максатында колдонулбайт» (10.4(1)-б.).

84 1985-ж. Канаданын жарандыгы жөнүндө мыйзам, 10(1)-б.

85 www.legislationline.org/documents/action/popup/id/7179

Мындан тышкары, Украинанын жарандыгы жөнүндө мыйзам жубайлардын биринин никени токтотушу же Украинанын жарандыгын жоготушу экинчи жубайынын Украинанын жарандыгын автоматтык түрдө жоготуусуна алып келбейт деп камсыз кылат, бул жарандык мыйзамдарга гендердик теңчилик принцибинин интеграциянын жакшы тажрыйбасына ылайык келет (15-беттеги гендердик теңчилик бөлүмүн караңыз).[86]

Бирок, тиешелүү кепилдиктер жок болгон учурда жарандыгынан ажыратуу тиешелүү адамдардын жубайларына жана балдарына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Ошондуктан, кээ бир мамлекеттердин жарандык жөнүндө мыйзамдарында мындай үй-бүлө мүчөлөрүн жарандыгын жоготуудан жана/же жарандыгы жок калуудан түздөн-түз коргогон жоболор кабыл алынган. Мисалы, **Мадагаскардын** жарандык жөнүндө мыйзамына ылайык, 2017-жылы киргизилген өзгөртүүлөр менен Мадагаскардын жаранынын жарандыгын жоготуу чечими «мындай санкция колдонулган адамдын балдарына жана жубайына тиешеси жок».[87]

Жарандыгы жоктукка карата кепилдиктерди камтыган жарандыктан ажыратуу жөнүндө мыйзамдарды колдонуу кокусунан жарандардын ар кандай катмарынын пайда болушуна алып келиши мүмкүн. Кээ бир өлкөлөрдө террористтик аракеттерге катышкандыгы үчүн жарандыктан ажыратуу кош жарандыгы бар жана экинчи жарандыгы жарандыгы жоктукка кепилдиги болгон адамдарга гана колдонулат. **Канаданын** мындай карама-каршы мамиледеги тажрыйбасы акыры кабыл алынгыс болду: 2014-жылы терроризмге байланыштуу кылмыштар үчүн соттолгон кош жарандуулукка ээ болгондорду жарандыктан чыгарууга уруксат берген өзгөртүүлөр акыры жокко чыгарылган.

Ушундай эле окуялар **Францияда** болуп өткөн, мында 2015-жылдын ноябрында Париждеги кол салуудан кийин сунушталган өзгөртүүлөр кош жарандуулукка ээ болгондорго жарандыктан ажыратууну колдонулушуна каршы болуп, акырында 2016-жылдын башында токтотулган.

Байыр алган жарандар да жарандыктан ажыратууга көбүрөөк дуушар болушу мүмкүн. Биринчиден, жарандыгы жалган маалыматтын же алдамчылыктын негизинде гана жокко чыгарылат, эгерде байыр алуу аркылуу берилген мындай жарандык жарандыкты алуу шарттарынын аткарылбагандыгынын же алдамчылыктын негизинде байыр алууну жокко чыгаруу жөнүндө ретроактивдүү күчкө ээ болгон чечим аркылуу тынчсыздандырган жаңы тенденцияга байланыштуу жокко чыгарылса.

Экинчиден, байыр алган адам башка мамлекеттин жарандыгын алат же алууга укуктуу деген түшүнүк адаштырышы мүмкүн. Туулгандыгы боюнча жарандар менен байыр алган жарандардын ортосундагы теңсиздиктин бул формасы эл аралык укуктун ченемдерин сактоо планында тынчсызданууну жаратышы мүмкүн. Мындай көйгөйлөрдү болтурбоо үчүн, 2015-жылы Австралиянын Жарандык жөнүндө мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзамына терроризмге байланыштуу кылмыштар үчүн жарандыктан ажыратуу үчүн негиздер киргизилгенде, бул жаңы негиздер «ал адам кантип Австралиянын жараны болуп калганына карабастан, Австралиянын жараны болгон тиешелүү адамга карата колдонулат (анын ичинде туулгандыгы боюнча Австралиянын жараны болгон адамга карата)»[88] деп каралган. Маанилүү нерсе, жарандыктан ажыратуу үчүн терроризмге байланыштуу жаңы негиздерди киргизүүдөн тышкары,

---

[86] Ошол эле жерде, 2-б.

[87] *Loi n°2 016-038 modifiant et complétant certaines dispositions de l'Ordonnance n° 60-064 du 22 juillet 1960 portant Code de la nationalité malagasy*, 25 января 2017 года (в силе с 8 мая 2017 года), ст. 52, доступ по адресу: http://docplayer.fr/46645663-Loi-n-modifiant-et-completant- certaines-dispositions-de-l-ordonnance-n-du-22-juillet-1960-portant-code-de-la-nationalite-malagasy.html.

[88] 2015-ж. Австралиянын жарандыгы жөнүндө мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам , 33АА-б., дареги: www.legislation.gov.au/Details/ C2015A00166.

кээ бир мамлекеттер 1961-жылдагы Конвенциянын 8(4)-беренесине ылайык тиешелүү процесстин кепилдигин сактап же киргизген.

Мисалы, Австралиянын Жарандык жөнүндө мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө 2015-жылкы мыйзамына ыкчам билдирүү жана жазуу жүзүндө билдирүү укугуна, ошондой эле «Конституциянын 75-беренесине ылайык Австралиянын Жогорку Сотунда же Австралия 1903-жылдагы соттор жөнүндө мыйзамынын 39В-беренесинин негизинде Федералдык Сотунда кайра карoo укугуна байланыштуу конкреттүү жоболор камтылган.[89] Бул контекстте тийиштүү процесстин тиешелүү кепилдиктерди белгилөө жарандыктан ажыратуу ыктыярдуу болбошун камсыздоо үчүн маанилүү.

Акырында, практикалык планда, мамлекеттер жарандыктан ажыратуу мониторингди жана байкоо жүргүзүүнү, кылмыш иликтөөнү жана жоопкерчиликке тартууну кошкондо, эл аралык укукка ылайык колдонулган инструменттерге караганда иш жүзүндө улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун анча натыйжалуу эмес чарасы болушу мүмкүн экенин билиши керек. Мындан тышкары, террористтерди же террористтик ишмердүүлүккө шектелген адамдарды жарандыгынан ажыратуу мамлекеттин эл аралык кылмыштарды жасаган адамдарды өткөрүп берүү же жоопкерчиликке тартуу боюнча милдеттерине карама-каршы келиши мүмкүн.[90] Кооптуу адамдарды өлкөдөн чыгаруу мамлекеттин чет өлкөдө жашаган жарандарына жана башка мамлекеттердин жарандарына коркунуч келтириши мүмкүн. Ошондуктан, коопсуздук маселелерин чечүү үчүн башка ыкмаларды колдонуу сунушталат.

**Таанышуу үчүн негизги булактар**

- Жарандыгы жоктукту кыскартуу жөнүндө Конвенция
- *Жарандык жөнүндө Европа конвенциясы*.
- БУУнун адам укугу боюнча кеңеши, *Адам укугу жана жарандыктан өз каалоосу боюнча ажыратуу: Башкы катчынын доклады*, 2013-жылдын 19-декабры, A/HRC/25/28, дареги: https://www.refworld.org.ru/docid/52f8d1f14.html.

[89] Ошол эле жерде, 33АА-б.(10) жана 33АА(11)-б.

[90] 2016-жылдын 12-декабрында 7831-жыйынында Коопсуздук Кеңеши кабыл алган БУУ Коопсуздук Кеңешинин резолюциясы 2322 (2016), S/RES/2322 (2016), дареги: http://undocs.org/S/RES/2322(2016)

# Жарандыгы жоктукту алдын алууга жана азайтууга багытталган типтүү укуктук жоболор

### 1. Балдардын жарандыгы жоктугуна карата кепилдиктер

| | |
|---|---|
| Туулганда жарандыгы жоктукка карата жалпы кепилдик *(1961-жылдагы Конвенция, 1-берене)* | Х мамлекеттин аймагында төрөлгөн, антпесе жарандыгы жок болуп кала турган ар бир адам туулгандыгы боюнча жаран болуп саналат. |
| | Х мамлекеттин аймагында төрөлгөн, таандыгы боюнча башка жарандыкты албаган ар бир адам туулгандыгы боюнча жаран болуп саналат |
| Табылган балдар үчүн кепилдик *(1961-жылдагы Конвенция, 2-берене)* | Эгерде бала ушул мамлекеттин аймагында табылса жана ата-энеси белгисиз болсо, бала Х мамлекетинин жараны болуп саналат |
| | Х мамлекетинин аймагында табылган бала Х мамлекетинин жарандары болуп саналган ата-энеден ушул мамлекеттин аймагында төрөлгөн болуп саналат |
| Чет өлкөдө төрөлгөн балдарга жарандыгы жоктукка карата кепилдиктер *(1961-жылдагы Конвенция, 4-берене)* | Х мамлекетинин жараны болгон атадан же энеден төрөлгөн адам, эгерде ал башка жол менен жарандыгы жок адам болуп калса, туулганда Х мамлекетинин жарандыгын автоматтык түрдө алууга укуктуу. |
| | Х мамлекеттин жарандары болуп саналган атадан же энеден чет өлкөдө төрөлгөн бала, эч бир башка мамлекеттин жарандыгын албаса, туулганда Х мамлекеттин жарандыгын автоматтык түрдө алууга укуктуу. |

### 2. Жарандык жөнүндө мыйзамдарда гендердик теңдик

| | |
|---|---|
| Жарандыкты ата-энелердин бериши *(АБЖК, 9(2)-берене)* | Атасы же энеси Х мамлекеттин жарандары болуп саналса, бала туулганда Х мамлекеттин жарандыгын алат |
| | Х мамлекетинин аймагында же анын чегинен тышкары жерде Х мамлекетинин жараны болгон же боло турган атасынан же энеден төрөлгөн ар бир адам туулгандыгы боюнча Х мамлекетинин жараны болуп саналат. |
| Жарандыкты жубайлардын бериши *(АБЖК, 9(1)-берене)* | Бул мамлекеттин жараны болуп саналбаган, Х мамлекетинин жаранынын жубайы Х мамлекеттин жарандыгын Y никеде болгондон кийин алат |
| | Х мамлекетинин жарандарынын жубайлары мамлекеттик жарандыкты өтүнмө берип ала алышат. |

### 3. Жарандыгы жок адамдын статусун аныктоо жол-жобосу (ЖЖАСАЖ)

| | |
|---|---|
| Далилдөө жүгү | Жарандыгы жок адамдын статусун берүү жөнүндө өтүнмөнүн ээлери жана бийликтин улуттук органдары далилдөө жүгүн бирге тартышат. |
| Далил стандарты | Тиешелүү адам мыйзамынын негизинде кайсы бир мамлекеттин жараны катары каралбагандыгы аныкталса, жарандыгы жоктук жөнүндө корутунду негиздүү болуп саналат. |
| Административдик жана сот тартибинде кайра карап чыгуу | Жарандыгы жок адамдын статусуна тиешелүү чечим административдик актыларды административдик жана сот тартибинде карап чыгуунун кадимки системасына ылайык кайра каралып чыгат. Апелляция берүү, укуктук коргоонун административдик же сот каражаттары мажбурлап чыгары салуу жөнүндө кандай гана болбосун чечимди токтотуп турат. |

### 4. Жөнөкөйлөтүлгөн байыр алуу

| | |
|---|---|
| Жол-жобо жөнүндө маалыматты таркатуу | Бийликтин компетенттүү органдары жарандыгы жок адамдарга алардын байыр алышы үчүн талаптар жана критерийлер жөнүндө маалыматты аларга түшүнүктүү тилде беришет. |
| Чыгымдар | Жарандыгы жок адамдар байыр алуу процессинде төлөнө турган жыйымдардан, анын ичинде өтүнмө берүүгө, документтерди алууга (мисалы, күбөлүктөрдү), мыйзамдаштырууга байланыштуу чыгымдардан бошотулат. |
| Узактыгы | Жарандыгы жок адамдардын өтүнмөлөрү артыкчылыктуу тартипте каралат. |
| Далилдөө жүгү | Байыр алууга умтулган жарандыгы жок адамдар колунда бар болгон жана бере ала турган далилдердин бардыгын бериши керек, ал эми бийликтин компетенттүү органдары жетишпеген зарыл документтердин алышына мүмкүн болушунча көмөк көрсөтүшү керек. |
| Далил стандарттары | Өтүнмө боюнча чечим чыгарууда компетенттүү орган бардык күмөндөрдү процесстин талаптарын сактоо максатында байыр алуу жол-жобосунун жүрүшүндө кызматташкан жарандыгы жок адамдын пайдасына түшүнүшү керек |
| Акысыз укук жардамы | Экономикалык каражаттары жок болгон жарандыгы жок адамдарга байыр алуу жол-жобосунун бардык этаптарында акысыз укуктук жардам берилет |
| Жашоосуна талаптар | Жарандыгы жок адамдар башка өлкөнүн жарандары катары сакталышы талап кылынган жашоо мөөнөтүнө тиешелүү критерийди аткаруусуз байыр алуу жөнүндө өтүнмө берүүгө укуктуу болот. |
| Тил билүүсү жана башка көндүмдөрү | Жарандыгы жок адамдар тилди, тарыхты же маданиятты билишин текшерүү үчүн экзамендерди тапшыруудан бошотулат |
| Документтерге карата талаптар | Жарандыгы жок адамдар, эгерде аларда мындай документтер жок болсо жана аны реалдуу түрдө ала албаса, алар келип чыккан өлкөдөн ден соолугунун абалы жөнүндө маалымкат же соттолгондугу жөнүндө маалымкат берүүдөн бошотулат. |

## 5. Жарандыкты жоготуу жана жарандыктан баш тартуу

| | |
|---|---|
| Жарандыгы жоктукка карата жалпы кепилдик | Никеге туруугa, ажырашууга, мыйзамдаштырууга, таанууга же асырап алууга байланыштуу кандайдыр-бир адамдын жарандыгын жоготуу мындай адамдын башка мамлекеттин жарандыгына ээ болушу менен шартталат |
| Жарандыктан баш тартуу жөнүндө жоболор | Жарандыктан баш тартуу жөнүндө X мамлекетинин жаранынын суранычы каралбайт, эгер ал анын айынан жарандыгы жок адам болуп калса. |
| | Жарандыктан баш тартуу жөнүндө жарандын чечими бул адамдын балдарына жана/же жолдошуна/ жубайына таркалбайт. |

## 6. Жарандыгынан ажыратуу

| | |
|---|---|
| Жарандыгы жоктукка карата жалпы кепилдик | Жарандыгынан ажыратуу үчүн негиздер колдонулбайт, эгер тиешелүү адам анын айынан жарандыгы жок адам болуп калса.<br><br>Жарандыкты жоготуу жана ажыратуу тууралуу ушул Акттын жоболору колдонулбашы керек, эгер аларды колдонуунун айынан тиешелүү адам жарандыгы жок адам болуп калса.<br><br>Тиешелүү жаранды жарандыгынан ажыратуу жөнүндө чечим , мындай санкция колдонулган адамдын балдарына жана жолдошуна/ жубайына карата колдонулбайт. |
| Тиешелүү процесстин кепилдиги | Жарандыгынан ажыратууга тийиш болгон бардык адамдар кандай гана болбосун чечим жөнүндө кабарлоону жазуу жүзүндө алуу укугуна, адилеттүү угуулар укугуна, ошондой эле бул чечимди сотто же көзкарандысыз органда талашуунун же даттануунун реалдуу мүмкүндүгүнө укуктуу болушат. Жарандыгынан ажыратуу (мажбурлап чыгаруу) жөнүндө кандай гана болбосун токтомдор акыркы апелляция боюнча натыйжаларды алууга чейин токтотулат. |

# ... жөнүндө кыскача

## БУУнун КЖКБ

БУУнун КЖКБ дүйнө жүзүндө качкындарды коргоону камсыздоо, ошондой эле өкмөттөр менен биргеликте качкындар көйгөйлөрүн чечүү боюнча эл аралык аракеттерди ишке ашырууга жана координациялоого Бириккен Улуттар Уюмунун мандатына ээ болгон, БУУнун качкындар иштери боюнча органы болуп саналат.

БУУнун КЖКБ негизги максаты- качкындар укуктарын коргоо жана бакубатчылыгына кепилдик берүүнү камсыздоо болуп саналат. БУУ КЖКБ ар бир адамдын башка мамлекетте башпаанек издөөгө жана коопсуз жай табууга укугунун сакталышын камсыздоого умтулат. Өз өлкөсүнө ыктыярдуу кайтууда же башка өлкөдө жайгашууда качкындарга жардам көрсөтүү менен, БУУнун КЖКБ алардын көйгөйлөрүн чечүү мүмкүндүгүн табууга умтулат.

БУУнун КЖКБ уюмдун Уставына ылайык аракеттенет жана Качкындар статусу жөнүндө 1951-жылдагы конвенцияны жана ага карата 1967-жылдагы Протоколду жетекчиликке алат. Убакыттын өтүшү менен БУУнун Башка ассамблеясы жана БУУнун Экономикалык жана социалдык кеңеши БУУнун КЖКБ жоопкерчилик чөйрөсүн кеңейтти жана куралдуу конфликттин жана зомбулуктун айынан мажбурланып жер которуу жагдайында турган жана белгиленген документтердин жоболорунун аракеттери таркалбаган адамдар топторуна коргоону камсыздоого ыйгарым укук беришкен. Мындай адамдардын айрымдары- “мандаттык” качкындар, айрымдары- репатрианттар, жарандыгы жок адамдар, жана белгилүү жагдайларда ич ара жер которгон адамдар.

БУУнун КЖКБ мамлекеттерди жана башка институттарды адам укуктарын коргоого жана талаштарды тынчтык жолу менен чечүүгө көмөк көрсөткөн шарттарды түзүүгө чакыруу менен адамдардын мажбурланып жер которуу жагдайларынын санын азайтууга умтулат. Бул максаттарга жетишүү үчүн БУУнун КЖКБ өз өлкөлөрүнө кайтып келген качкындарды реинтеграциялоо процессин чыңдоого умтулат, муну менен качкындар агымынын пайда болушуна алып келиши мүмкүн болгон жагдайлардын кайталап пайда болушун алдын алат.

БУУнун КЖКБ расасына, терисинин түсүнө, жынысына, тилине, динине, саясий жана башка ишенимдерине, улуттук же социалдык келип чыгышына, мүлктүк абалына, туулганына, майыптуулугуна же башка белгилерине карабастан жана алардын муктаждыктарын эске алуу менен адилеттүү аракеттенип, качкындарды жана адамдардын башка категорияларын коргойт жана жардам берет. Өзүнүн ишинин бардык аспекттеринде БУУнун КЖКБ балдардын өзгөчө муктаждыктарына көңүл бурат жана аялдар менен кыздар үчүн, ошондой эле аярлуу жана/ же маргиналдаштырылган топтордун өкүлдөрү үчүн бирдей укуктарды камсыз кылууга көмөк көрсөтүүгө умтулат. Качкындарды коргоо жана алардын көйгөйлөрүн чечүүгө көмөк көрсөтүү боюнча өзүнүн ишинде БУУнун КЖКБ өкмөттөр, эл аралык жана бейөкмөт уюмдар менен кызматташат.

БУУнун КЖКБ жаш-курагына жана гендердик аспекттерге жана көп түрдүүлүк өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруп, жашоосуна таасир тийгизген чечимдерге карата качкындарга консультация берүү аркылуу катышуу принцибин карманат.

# Парламенттер аралык союз

Парламенттер аралык союз (ПАС) – бул бардык мамлекеттердин парламенттеринин өкүлдөрүн бириктирген атайын уюм. Биз саясий диалог жүргүзүү жана конкреттүү аракеттерди ишке ашыруу жолу менен демократияны курабыз жана коргойбуз. 2018-жылдын ноябрына карата ПАС курамына 178 парламенттин өкүлдөрү жана 11 ассоциацияланган мүчөлөр кирген. Биз Бириккен Улуттар Уюму жана максаттарыбыз бирдей болгон өнөктөш уюмдар менен кызматташабыз.

Биздин иштин өзөгүн тынчтык, адилеттүүлүк, демократия жана өнүгүү кызыкчылыктарында иштин үзгүлтүксүз кеңейип турган чөйрөсү түзөт. Биз ар түрдүү маселелерди чечебиз, мисалы, ВИЧ/СПИД көйгөйлөрүн чечүү, адам укуктарын камсыздоо, гендердик теңдикке жетүү, климаттын өзгөрүүсүнө байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү жана саясий жашоого жаштардын катышуусун камсыздоо чөйрөсүндө. Биз конфликттен чыгып жаткан жана демократиялык мамлекет катары өнүгүп жаткан өлкөлөргө жардам беребиз.

Биздин иш **эл аралык башкаруу** боюнча өзгөчө маанилүү ишти жүзөгө ашыруу аркылуу глобалдык масштабдагы чечимдерди кабыл алууда дүйнөдөгү жарандардын ой-пикирин эске алууда камтылат.

Бүгүнкү күндө, биз, дүйнөлүк коомдук ой-пикирди айрыкча так чагылдырган уюмбуз. Дүйнөдөгү жети миллиард адамдан 6,5 млдр парламенттери ПАС мүчөлөрү болуп саналган мамлекеттерде жашашат жана алардын шайланган өкүлдөрү биздин саясатты жана анын курсун аныкташат.

## Парламенттерди бириктирүү менен биз адамдарды бириктиребиз.

ПАС – дүйнөдөгү көп тараптуу саясий уюм. Ал **1889-жылы түзүлгөн**, жана анын максаты-өлкөлөрдүн ортосундагы пикир келишпестиктерди тынчтык жолу жөнгө салуу үчүн парламенттер аралык диалогду колдонуу болуп саналат. Бул 1889-жылдагыдай эле, бүгүнкү күндө да маанилүү жана актуалдуу бойдон калууда.

Биздин уюм негизинен мүчөлөрү тарабынан мамлекеттик бюджеттен каржыланат. Биздин уюмдун штаб-квартирасы Женевада, Швейцарияда жайгашкан.

Inter-Parliamentary Union

For democracy. For everyone.


+41 22 919 41 50
+41 22 919 41 60
postbox@ipu.org

Chemin du Pommier 5
Case Postale 330
1218 Le Grand-Saconnex
Geneva – Switzerland
www.ipu.org


UNHCR

Агентство ООН по делам беженцев


+41 22 739 81 11
+41 22 739 73 77

Case Postale 2500
CH-1211 Genève 2 Dépôt
Switzerland
www.unhcr.org